# Улуттук банктын ноталары

*(2014-жыл май)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Май айында өткөрүлгөн Улуттук банктын ноталарынын төрт аукционунда жарыяланган эмиссиянын көлөмү 12,0 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдын ушундай эле көрсөткүчүнөн 20,0 пайызга төмөн.

Суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү 15,4 пайызга төмөндөгөн жана 2,2 млрд. сомду түзгөн. Улуттук банк жүргүзгөн акча-кредит саясатына ылайык, май айында сатуулардын көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталар менен гана камсыздалган, алардын ири бөлүгү сатуу түзүмүндө 91,4 пайыз жалпы үлүшү менен эки коммерциялык банктар тарабынан сатылып алынган. Сатуулардын орточо аукциондук көлөмү кароого алынган мезгил аралыгында өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 13,5 пайызга төмөндөп, 2,2 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү кароого алынган мезгил аралыгында өткөн айдын деңгээлинде сакталып, 6,0 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




Кароого алынган мезгил аралыгында жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 74,7 пайызга өсүп, 2,7 млрд. сом деңгээлинде түптөлгөн. Алсак, коммерциялык банктардын портфелдеринин салыштырма салмагы бир эле мезгилде 40,8 пайызга чейин (+18,8

[1] Аталган көрсөткүч суроо-талаптын/сунуштун ай ичиндеги жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, себеби аукциондордун ай ичиндеги саны туруктуу көрсөткүч болуп саналбайт.

пайыздык пункт) жогорулагандан улам, Улуттук банктын ноталарын сатып алуучулардын негизгилеринин бири катары саналган юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 18,8 пайыздык пунктка, 59,2 пайызга чейин төмөндөгөн.

Институционалдык инвесторлор, жеке адамдар жана юридикалык жактар-резидент эместер аукциондорго катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.06.2013 | 3 073,0 | 1 811,0 | 58,9% | 1 262,0 | 41,1% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.07.2013 | 3 105,5 | 1 836,0 | 59,1% | 1 269,5 | 40,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.08.2013 | 2 680,6 | 960,5 | 35,8% | 1 636,1 | 61,0% | - | 0,0% | 84,0 | 3,1% |
| 01.09.2013 | 2 400,0 | 370,5 | 15,4% | 2 029,5 | 84,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.10.2013 | 2 720,0 | 1 098,6 | 40,4% | 1 621,4 | 59,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.11.2013 | 2 895,4 | 1 229,5 | 42,5% | 1 665,9 | 57,5% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.12.2013 | 3 959,0 | 2 152,6 | 54,4% | 1 806,4 | 45,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.01.2014 | 6 645,0 | 3 892,2 | 58,6% | 2 730,7 | 41,1% | 1,0 | 0,0% | 21,1 | 0,3% |
| 01.02.2014 | 6 240,5 | 4 838,1 | 77,5% | 1 384,9 | 22,2% | - | 0,0% | 17,5 | 0,3% |
| 01.03.2014 | 5 233,1 | 3 310,4 | 63,3% | 1 917,6 | 36,6% | - | 0,0% | 5,0 | 0,1% |
| 01.04.2014 | 3 080,1 | 539,0 | 17,5% | 2 541,1 | 82,5% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.05.2014 | 1 548,0 | 341,0 | 22,0% | 1 207,0 | 78,0% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.06.2014 | 2 703,9 | 1 103,0 | 40,8% | 1 600,9 | 59,2% | - | 0,0% | - | 0,0% |